**Ош мамлекеттик университетинин Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 550200 “Физика-математикалык билим берүү” багытынын “Физика” профилинин ФЕ(б)-1-21 тайпасы үчүн 2025-жылдын 1-апрелинде болуп өткөн кесиптик-профилдик практикасынын жыйынтыктоочу конференциясынын № протоколу**

Төрагасы: Курбаналиев М.

Катчы: Кубатбек кызы У.

Катышты: Кафедра башчысы: Калбекова М.,
практика жетекчилери: Курбаналиев М., Макамбаева Ж.,
тайпанын 16 студенти,

**Күн тартиби:**

1. Кесиптик-профилдик практиканын отчёту жөнүндө

Кафедранын практика жетекчиси Курбаналиев Максат кесиптик-профилдик практика боюнча төмөндөгүдөй маалыматтарды билдирди: ФЕ(б)-1-21 тайпасында жалпы 16 студент бар. Алардын 5 студенти №42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясында, 6 студенти №17 Ю.Гагарин мектеп-гимназиясында жана 5 студенти №18 А.Навои мектеп-гимназиясында 16-сентябрдан 18-октябрга чейин практикаларын ийгиликтүү өтөштү. Практика учурунда студенттер ачык сааттарды өтүштү.

**Угулду:** Тайпанын старостасы Урмат кызы Жылдыз практика мезгилиндеги сабактар жөнүндө айтып төмөндөгүлөргө токтолду. “Биз Ош шаарындагы №18 А.Навои мектеп-гимназиясында 5 студент менен бирге кесиптик-профилдик практиканы өтөө үчүн прктикада болдук. Мага 11-а классты жетектөө менен катар 10-а жана 11-а класстарга физика предметинен сабак өтүү жүктөлдү. Сабак учурунда окуучулар сабакка активдүү катышып жатышты.”

Студент Адылжан кызы Жазгүл: №17 Ю.Гагарин мектеп-гимназиясында болгон 6 студентке бөлүндүк. Практикаларды баарыбыз ийгиликтүү өтөп келдик. 6 студенттин баары “эң жакшы” деген бааларга ээ болушту.

Студент Абдилла кызы Орозгул: Биз №42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясында 5 студент практикада болдук. Практика учурунда ачык сааттарды өттүк, практика жетекчибиз да барып катышты. Мектеп мугалимдери жылуу тосуп алышып, бизге көп тажрыйбаларды беришти.

**Жарыш сөзгө чыкты:** Макамбаева Ж.: Мен быйыл №17 Ю.Гагарин мектеп-гимназиясына 6 студентти жетектеп алып бардым. Студенттердин баары ачык сааттарын мыкты деңгээлде өтүштү. Баары “эң жакшы” деген баага татыктуу болуп келишти.

**Токтом кылынды:** Ар бир студент-практикант 1 сабактын иштелмесин, 1 тарбиялык сааттын иштелмесин жана күндөлүктөрүн практика жетекчисине 10 күндүн ичинде тапшырсын. MyEdu га баалары протоколдун негизинде түшүрүлсүн.

Төрага: Курбаналиев М.Б.

Катчы: Кубатбек кызы У.